Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн

# БАҢГИ ЗАТТАРГА КАРШЫ ПРОГРАММАСЫ

---

# АНТИНАРКОТИЧЕСКАЯ ПРОГРАММА

Правительства Кыргызской Республики

UNODC
Управление Организации Объединенных Наций
по наркотикам и преступности

Программа разработана при поддержке
проекта Управления ООН по наркотикам и преступности KGZ/K50
"Укрепление потенциала Государственной службы по контролю наркотиков
Кыргызской Республики"

Бишкек - 2014

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн
2014-жылдын «27» январындагы
№57 токтому менен
бекитилген

# Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн

# БАҢГИ ЗАТТАРГА КАРШЫ ПРОГРАММАСЫ

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2014-жылдын

27-январындагы № 54 токтому

# Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн Баңги заттарга каршы программасын бекитүү жөнүндө

Калктын баңги заттарга көз карандылыгынын жана аны менен байланышкан терс кесепеттердин деңгээлин төмөндөтүү максатында, «Кыргыз Республикасынын Өкмөтү жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 10 жана 17-беренелерин жетекчиликке алып Кыргыз Республикасынын Өкмөтү токтом кылат:

1. Тиркелген: Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн Баңги заттарга каршы программасы бекитилсин.

2. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Баңги заттарды контролдоо боюнча мамлекеттик кызматы үч айлык мөөнөттө белгиленген тартипте Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн Баңги заттарга каршы программасын аткаруу боюнча иш-чаралар планынын долбоорун иштеп чыксын жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн кароосуна киргизсин.

3. Бул токтомду ишке ашыруу менен байланышкан чыгашаны каржылоо республикалык бюджетте тийиштүү жылга министрликтер жана ведомстволор үчүн каралган каражаттардын чектеринде, ошондой эле Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында тыюу салынбаган башка булактардын эсебинен жүргүзүлсүн.

4. Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып күчүнө кирет.

5. Бул токтомдун аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн Аппаратынын коргоо, укуктук тартип жана өзгөчө кырдаалдар бөлүмүнө жүктөлсүн.

Премьер-министр Ж.Ж.
Сатыбалдиев

# 1. КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНДАГЫ БАҢГИ КЫРДААЛЫН ТАЛДОО

## 1.1. Маселенин кыскача тарыхы

Баңги заттарды мыйзамсыз жүгүртүүгө жана калктын баңги заттарга берилишине каршы активдүү аракеттенүү заманбап Кыргызстандын аймагында XIX кылымдын соңку үчүнчү бөлүгүнөн тартып жүзөгө ашырылууда, бул учурда апийим өсүмдүгүн өстүрүү жана апийимди өндүрүү менен байланышкан көйгөйлөр белгиленген.

1916-жылдан тартып 1974-жылга чейинки мезгилде өлкө дарылык апийимди өнөр жайлык өндүрүү боюнча дүйнөдө лидерлик позициялардын бирин ээлеген. Апийим талааларынын жалпы аянты

64 миң гектарга чейин жеткен, ал эми дарычылык апийимдин өндүрүлгөн көлөмү, айрым эсептөөлөр боюнча, СССРде өндүрүлгөн апийимдин 80 пайызына жеткен жана апийимди дүйнөлүк мыйзамдуу өндүрүүнүн 16 пайызына барабар болгон. Өндүрүлгөн апийимдин ондон бир бөлүгү мыйзамсыз жүгүртүүгө кетип, калктын баңги заттарга берилишин пайда кылган.

1974-жылы СССРдин Жогорку Советинин Президиуму Кыргыз ССРинде апийим өсүмдүгүн мыйзамдуу өстүрүүнү токтотуу жөнүндө чечим кабыл алган.

Мындан тышкары, республикада жапайы өскөн кара куурайдын (каннабис) жана чекендинин кеңири өскөн аянттары бар, бул гашиш, марихуана жана меткатинон жана эфедрон сыяктуу баңги каражаттарын даярдоого өбөлгө түзгөн.

1974-жылдан тартып 1993-жылга чейинки мезгилде Кыргызстанда негизинен каннабис тобундагы баңги заттар тартып алынып турду. Бирок 1993-жылдан тартып Афганистандан чыккан опиоидди мыйзамсыз жүгүртүү көлөмү кескин өстү. Алардын трафиги керектөөчүлөрдүн санынын өсүшүнө, ошондой эле калктын айрым бөлүгүнүн кылмыштуу баңги бизнесине тартылуусуна түрткү болду. Мыйзамсыз рынокто диацетилморфин (героин) баңги каражатынын пайда болушу менен баңги заттарды керектөөчүлөрдүн түзүмүндө анын салыштырма салмагы өсө баштады. 1999-жылга карата бул зат керектелгүүчү баңги заттардын түзүмүндө алдыңкы позицияны ээледи жана аны азыркы учурга чейин бербей турат.

Эгемендүүлүккө ээ болуу менен, Кыргыз Республикасында 1993-жылы баңги заттарга контролдук кылуу боюнча улуттук орган түзүлдү, Баңгиликке жана баңги заттардын мыйзамсыз жүгүртүлүшүнө каршы күрөшүү боюнча биринчи улуттук программа иштелип чыкты. 1994-жылы Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши 1961-жылдагы Баңги каражаттар жөнүндө бирдиктүү конвенцияга, Акыл-эске таасир берүүчү заттар жөнүндө 1971-жылдагы конвенцияга жана БУУнун Баңги каражаттарды жана акыл-эске таасир берүүчү заттарды мыйзамсыз жүгүртүүгө каршы күрөшүү жөнүндө 1988-жылдагы конвенциясына кошулуу жөнүндө чечим кабыл алган.

Ошол учурдан тартып Кыргыз Республикасы калк үчүн дары-дармек формаларынын, баңги каражаттардын жана акыл-эске таасир берүүчү заттардын, ал эми өнөр жай үчүн

– прекурсорлордун жеткиликтүүлүгүн камсыз кылууда эл аралык укуктун талаптары менен ченемдерин аткарууда жана баңги каражаттарды, акыл-эске таасир берүүчү заттарды, алардын прекурсорлорун мыйзамдуу жүгүртүүгө контролдук кылуу жаатында Баңги заттарды контролдоо боюнча эл аралык комитеттин (мындан ары - БКЭК) жетектөөчү принциптерин сактоодо.

Кыргыз Республикасында баңги кырдаалынын өнүгүү тенденцияларынын калыптанышына шарт түзгөн негизги факторлор болуп төмөнкүлөр саналат:

- мыйзамсыз баңги заттарга туруктуу суроо-талапты калыптандырган жана сактап турган терс социалдык процесстер;
- өлкөнүн аймагы аркылуу эл аралык баңги транзити;
- баңги заттарды мыйзамсыз даярдоо үчүн өздүк чийки зат базасынын болушу.

## 1.2. Азыркы кырдаал

Кыргыз Республикасында баңги заттарды мыйзамсыз жүгүртүүнүн күчөгөн динамикасы байкалууда. Дүйнөдөгү бардык мыйзамсыз опиоиддин 90 пайыздан ашыгы өндүрүлгөн Афганистанга өтө жакын жайгашуу менен республика анын өзүнүн аймагы аркылуу ташылышынын бардык кесепеттерин башынан өткөрүп жатат.

Кыргыз Республикасынын аймагына баңги заттар Ош облусунун Алай жана Чоң-Алай райондорунун; Баткен облусунун Баткен, Лейлек, Кадамжай райондорунун багытында жеткирилүүдө.

Кыргыз Республикасында баңги кырдаалы тышкы жана ички факторлордун таасири астында калыптанууда.

Тышкы факторлор: региондо баңгини өндүрүүнүн негизги булагы катары Афганистанга жакын жайгашуу, Борбордук Азияда эл аралык баңги мафиясынын аракеттери, баңги жаатында региондук коопсуздук маселелерине бирдиктүү мамиленин жоктугу, мамлекеттик чек аралардын ачыктыгы.

Ички факторлор: калктын кедейлиги, жумушсуздугу, миграциясы, коррупция, баңги заттарды жасоонун өздүк чийки зат базасынын болушу, мамлекеттик чек аралардын ачыктыгы, баңги заттарга каршы мамлекеттик түзүмдөрдү каржылоонун жана материалдык-техникалык жактан жабдуунун жетишсиздиги.

Баңги заттарды колдонуунун медициналык кесепеттери өзүнө баңги заттарга көз карандылык оорусун, тазаланбаган шаймандар менен инъекция кылуунун жүрүшүндө берилүүчү коркунучтуу инфекциялардын таралышын жана өлүмгө учуроону (тикелей, ошондой эле кыйыр себептерден улам) камтыйт.

Инфекциялык оорулардын таралышы. БУУ БКБнын маалыматтары боюнча, Кыргыз Республикасында инъекциялык баңги заттарды колдонуунун баа берилген саны 25 миң адамды түзөт, бул улуттук статистиканын маалыматтарына караганда дээрлик 3,5 эсеге жогору. Пенитенциардык тутумунда соттолгондордун жалпы санынын 5 пайызын наркологиялык эсепте турат. Бирок эксперттик маалыматтар боюнча, пенитенциардык меке-

мелерде баңги заттарды инъекциялык жол менен колдонгон адамдардын баа берилген саны түрмөдө отурган калктын жалпы санынын 19 пайызга чейинкисин түзүшү мүмкүн[1].

Баңги заттарды инъекциялык колдонуу АИВдин, кургак учуктун, гепатиттин жана коркунучтуу инфекциялардын башка түрлөрүнүн таралышын күчөткөн фактор болуп саналат.

АИВ инфекциясынын жугушунун бардык учурларынын жарымынан ашыгы баңги заттарды инъекциялык колдонуу чөйрөсүндө болуп өтөт (2013-жылдын 1-январына карата абал боюнча АИВ-инфекциянын катталган учурларынын жалпы санынын 59,8 пайызды). Мындай жагдай Чүй жана Ош облустарына, ошондой эле Ош, Бишкек жана Жалал-Абад шаарларына алда канча мүнөздүү. Баңги заттарды инъекциялык керектөөчүлөрдүн жарымынан ашыгы С гепатитинин вирусун жугузуп алгандар.

Өлүмгө учуроо. Баңги заттардын дозасын ашырып жиберүүдөн улам өлүмгө учуроонун расмий статистикасы толкун түрүндөгү амплитудага ээ жана наркологиялык мекемелерде эсепте турган адамдардын жалпы санынын 2 пайызына жетет. Бирок эксперттик баалоолор боюнча, өлүмгө учуроонун реалдуу деңгээли кыйла жогору.

Баңги заттарды колдонуудан улам өлүмгө учуроонун негизги тикелей себептери болуп дозаны ашырып жиберүү, инфекциялык оору жана алардын ырбап кетиши; негизги кыйыр себептери - баңги заттарга көз каранды адамдын коркунучтуу жүрүш-турушу менен байланышкан кырсыктар (өзүн-өзү өлтүрүү, майып болуучулук, тоңуп калуу жана башкалар) саналат.

1 Кыргыз Республикасында 2012-2016 жылдарга АИВ-инфекциясын туруктуу абалга келтирүү боюнча Мамлекеттик программасы, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2012-жылдын 29-декабрындагы № 867 токтому менен бекитилген.

# 2. ЖООП ИРЕТИНДЕГИ ЧАРАЛАРДЫ ТАЛДОО

## 2.1. Жалпы маалыматтар

Кыргыз Республикасы эл аралык укуктун ченемдеринин жана БУУнун баңги заттарга каршы негизги институттарынын сунуштарынын негизинде баңги заттар менен байланышкан көйгөйлөрдү чечүүгө комплекстүү жана балансташкан ыкма принциптерин ишке ашырып жатат. Бул жаатында мамлекеттик саясат, мыйзамсыз баңги заттарга суроо-талапты кыскартууга, аларды мыйзамсыз сунуш кылууну азайтууга жана баңги заттарды колдонуудан келтирилген зыянды төмөндөтүүгө негизги багыттарда маалымдалган.

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Баңги заттарды контролдоо боюнча мамлекеттик кызматы (мындан ары - БКМК) – Кыргыз Республикасында баңги каражаттарды, акыл-эске таасир берүүчү заттарды жана прекурсорлорду жүгүртүү, ошондой эле алардын мыйзамсыз жүгүртүлүшүнө каршы аракеттенүү жаатында мамлекеттик саясатты ишке ашырууну; Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында баңги заттарды контролдоо боюнча органдын компетенциясына кирген кылмыштардын алдын алууну, табууну, бөгөт коюуну, бетин ачууну жана тергөөнү; баңги каражаттарды, акыл-эске таасир берүүчү заттарды жана прекурсорлорду жүгүртүү, алардын мыйзамсыз жүгүртүлүшүнө каршы аракеттенүү боюнча чараларды жүзөгө ашыруу менен байланышкан маселелер боюнча аткаруучу бийлик жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ишин координациялоону, өз компетенциясынын чектеринде баңги каражаттарды, акыл-эске таасир берүүчү заттарды жана прекурсорлорду мыйзамдуу жүгүртүүгө контролдукту камсыз кылууну жүзөгө ашырат.

«Баңги кылуучу каражаттар, акыл-эске таасир берүүчү заттар жана прекурсорлор жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамына ылайык баңги кылуучу каражаттарды, акыл-эске таасир берүүчү заттарды жана прекурсорлорду иштеп чыгуунун, өндүрүүнүн, кайра иштетүүнүн, ташып чыгуунун, транзитинин, ташуунун, жөнөтүүнүн, сатып алуунун, сактоонун, бөлүштүрүүнүн, сатуунун, жок кылуунун, медициналык, илимий жана окуу, эксперттик иш максаттарында жана криминалисттик изилдөөлөрдү жүргүзүүдө пайдалануунун так жол-жоболору белгиленген.

Баңги кылуучу каражаттарды, акыл-эске таасир берүүчү заттарды жана прекурсорлорду ташып келүү, ташып чыгуу, транзити жана өнөр жайлык пайдалануу Баңги заттарды контролдоо боюнча эл аралык комитети жыл сайын бекитүүчү (баңги заттарга жана акыл-эске таасир берүүчү заттарга) квоталардын чектеринде баңги заттарды контролдоо боюнча ыйгарым укуктуу органы берген уруксаттын негизинде жүргүзүлөт.

## 2.2. Баңги заттарды жана акыл эске таасир берүүчү заттарды мыйзамсыз сунуш кылууну кыскартуу

Кыргыз Республикасынын укук коргоо органдарынын түзүмүндө баңги заттардын мыйзамсыз жүгүртүлүшүнө каршы күрөшүү боюнча адистешкен бөлүмдөр бар. Алардын ишинин негизги багыты баңги заттарды мыйзамсыз жүгүртүүнүн уюшкан жана топтошкон

формаларына каршы күрөшүүгө, эл аралык баңги трафигинин каналдарын, жергиликтүү чийки заттан (кара куурай, апийим өсүмдүгү жана чекенди) баңги заттарды жасоону табууга жана жоюуга багытталган.

Эл аралык баңги трафигин жоюу мамлекеттик чек араны кайтаруунун, ташып келинген жүктөрдү жана келген адамдарды контролдоонун жүрүшүндө, ошондой эле баңги заттарды, акыл-эске таасир берүүчү заттарды жана прекурсорлорду контролдоо астында берүү ыкмасы боюнча биргелешкен эл аралык операцияларды жүргүзүү жолу менен жүзөгө ашырылат.

Баңги заттарды контролдоо боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик органы ички иштер органдары, жергиликтүү мамлекеттик администрациялар жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары менен бирдикте жапайы өскөн, өзгөчө жергиликтүү калк, өсүмдүк чийки затынан баңги заттарды жасагандыгы байкалган региондордо өскөн кара куурайды жок кылуу боюнча чараларды көрүп жатат.

Баңги заттарды контролдоо боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган Кыргыз Республикасынын мамлекеттик органдары жана тиешелүү эл аралык институттар менен эриш-аркак аракетте баңги заттардын, акыл-эске таасир берүүчү заттардын жана прекурсорлордун мыйзамсыз жүгүртүүгө чыгып кетишине бөгөт коюуда.

Кыргыз Республикасында мыйзамсыз жүгүртүүдөн алып салынган баңги заттардын, акыл-эске таасир берүүчү заттардын жана прекурсорлордун көлөмү соңку 5 жылда 3,5 эсе өстү.

2012-жылы баңги каражаттарды, акыл-эске таасир берүүчү заттарды жана прекурсорлорду мыйзамсыз жүгүртүү менен байланышкан 1933 кылмыштын бети ачылган, бул Кыргыз Республикасындагы кылмыштуулуктун жалпы түзүмүндө 6,7 пайызды түзөт[2].

## 2.3. Мыйзамсыз баңги заттарга суроо-талапты кыскартуу

Мыйзамсыз баңги заттарга суроо-талапты кыскартуу биринчи, экинчи жана үчүнчү деңгээлдеги баңгиликти профилактикалоонун форматында жүзөгө ашырылат.

### 2.3.1. Биринчи деңгээлдеги баңгиликти профилактикалоо

Биринчи деңгээлдеги баңгиликти профилактикалоо Кыргыз Республикасында саламаттык сактоо, билим берүү, укук коргоо, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары, жарандык коом, ата-энелер жана жалпыга маалымдоо каражаттары тарабынан баңги заттарды контролдоо боюнча ыйгарым укуктуу органдын айкаштыруусу менен жүзөгө ашырылат. Кызыкдар министрликтер менен ведомстволор, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары, жарандык коом жана эл аралык уюмдар калк үчүн жыл сайын маалыматтык-билим берүү иш-чараларын жүргүзөт. Баңгиликке жана баңги заттарды мыйзамсыз жүгүртүүгө каршы күрөшүүнүн, анын ичинде пенитенциардык тутумунда күрөшүүнүн Эл аралык күнүнө арналган ар жылдагы кампанияларды өткөрүү салтка айланып калды.

2 Кыргыз Республикасынын Ички иштер министрлигинин Маалымат борборунун 2012-жылдагы маалыматтары.

Жалпыга маалымдоо каражаттарында баңгиликти профилактикалоо темасында материалдар жарыяланып турат. Эң мыкты макалалардын авторлору сыйлык алууга жыл сайын көрсөтүлөт.

2012-жылы «Бири-бирибизге жакын – баңги заттардан оолак» темасында улуттук медиакампания уюштурулду, анда үй-бүлөлүк дөөлөттөрдү өнүктүрүүгө басым жасалды жана ал Кыргыз Республикасынын Президенти жарыялаган Үй-бүлөнүн жылына туш келтирилди.

### 2.3.2. Экинчи деңгээлдеги баңгиликти профилактикалоо

Баңги каражаттарына жана башка психикалык активдүү заттарга көз карандылыгы бар адамдарга саламаттык сактоо уюмдарынын базасында жалпы жана атайын наркологиялык жардам көрсөтүлөт. Дарыланган учурлардын санынын көбөйүшү баңги каражаттарына көз карандылыгы бар адамдарга дарылоо-реабилитациялык жардам көрсөтүү тутумунун айрым жылыштары жөнүндө маалымат берет.

Мындан тышкары, баңги заттарга көз карандылыкты дарылоо Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Жазаларды аткаруу мамлекеттик кызматынын (мындан ары - ЖАМК) медициналык мекемелеринде жана жеке наркологиялык клиникаларда жүргүзүлөт.

Кыргыз Республикасында дарылоочу кызмат көрсөтүүлөрүнүн спектри өзүнө төмөнкүлөрдү камтыйт:

- детоксификацияны, же жокко чыгаруу синдромун дарылоо;
- опиоидди алмаштыруу терапиясын;
- көз карандылыкты дары-дармексиз айыктырууну (медициналык-психологиялык реабилитациялоо программасы) .

Детоксификация. Детоксификациянын негизги үлгүсү болуп «психофармакологиялык үлгү», башкача айтканда, медициналык препараттардын кеңири спектрин пайдалануу менен дарылоо саналат.

Опиоидди алмаштыруу терапиясынын (мындан ары - ОАТ) программалары баңги заттарды контролдоо боюнча ыйгарым укуктуу органынын контролдугу астында мамлекеттик наркологиялык уюмдардын жана кабинеттердин базасындагы 20 пунктунда жүзөгө ашырылат. Бул программалар расмий эсепте турган опиоидге көз карандылыгы бар адамдардын үчтөн бирин жана инъекциялык баңги заттарды керектөөчүлөрдүн баа берилген санынын 5 пайызга жакынын камтыйт. ОАТ программаларынын милдеттүү курам бөлүгү болуп алардын катышуучуларына психологиялык жана социалдык жардам көрсөтүү саналат.

Программалардын натыйжалуулугу эл аралык уюмдар дайыма жүргүзүп турган баа берүүлөр менен ырасталат. Аларда, атап айтканда, апийимди мыйзамсыз керектөөнүн, кылмыштуу жосундардын, АИВти жугузуу жана андан соң анын берилиши менен байланышкан жүрүш-туруштун азайышы, ошондой эле бейтаптардын ден-соолук абалынын жана кайра социалдашуусунун жакшырышы белгиленген.

### 2.3.3. Үчүнчү деңгээлдеги профилактикалоо

2004-жылдан тартып өлкөдө медициналык-психологиялык реабилитациялоо программалары (дары-дармексиз айыктыруу программалары) жүзөгө ашырылууда, алар оорукаларда жана амбулаториялык шарттарда ишке ашырылып жатат.

Бирок азырынча Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигинин тутумунда ойдогудай реабилитациялык борборлору жок.

Амбулаториялык программалар негизинен дарылануунун алууга жүйөлөштүрүүгө жана улантууга, ошондой эле рецидивдерди профилактикалоого багытталган.

Стационардык реабилитациялык дарылоо программаларынын негизги милдеттери болуп дарылоо программасы аяктагандан кийин туруктуу ремиссияга же баңги заттарды колдонууну толук токтотууга жетишүү саналат.

Дары-дармексиз айыктыруу программасына кабыл алуунун критерийлери болуп детокс-терапиядан алдын ала өтүү жана бейтаптарды дарылануунга жүйөлөштүрүүнүн жогорку деңгээли эсептелет.

## 2.4. Баңги заттарды керектөөнүн зыянын азайтуу

Зыянды азайтуу программалары инъекциялык баңги заттарды керектөөчүлөргө жана алардын маанилүү чөйрөсүнө (туугандары, өнөктөрү) багытталган жана медициналык, социалдык кызматкерлер, укук коргоо органдарынын кызматкерлери, жергиликтүү бийлик органдары, коммерциялык эмес уюмдар тарабынан жүзөгө ашырылат.

Бул программалар баңгиликке жана баңги заттарды мыйзамсыз жүгүртүүгө каршы аракеттенүү боюнча артыкчылыктуу багыттардын бири жана инъекциялык баңги заттарды керектөөчүлөр арасында АИВ-инфекциянын профилактикалоо жаатында мамлекеттик саясаттын ажырагыс бөлүгү болуп саналат.

Мамлекеттик органдардын, коммерциялык эмес уюмдардын күч-аракеттерин бириктирүү, ошондой эле баңги заттарга көз карандылык жана АИВ/ЖИКС көйгөйлөрүн чечүүгө көп секторлуу ыкма жарандык сектордо, ошондой эле пенитенциардык мекемелерде зыянды азайтуу программаларын өнүктүрүү үчүн жагымдуу шарттарды түздү.

Алар дарылоо-профилактикалык уюмдардын базасында, жарандык сектордо жана пенитенциардык мекемелерде институтташтырылган.

Зыянды азайтуу программаларынын кызмат көрсөтүүлөрү өзүнө адистердин берген кеңешин; базалык медициналык жардамды; ийнелерди жана шприцтерди алмаштырууну; дезинфекциялоочу каражаттарды, презервативдерди берүүнү; маалыматтык-билим берүү иш-чараларын, анын ичинде «теӊ-теңи менен» ыкмасын; АИВ жаатында кеңеш берүүнү жана тестирлөөнү; «ишеним телефонун»; укуктук жардамды жана социалдык коштоону камтыйт.

2013-жылдын 1-январына карата баңги заттарды керектөөдөн келтирилген зыянды азайтуу үчүн өлкөдө 48 шприц алмаштыруу пункту (ШАП) иштейт, анын ичинде 7 пункту пенитенциардык тутумда, алар ИБКнын 50 пайыздан ашыгын камтыйт.[3]

Пенитенциардык тутумда «Атлантис» деген 8 реабилитациялык борбору ачылган жана иштеп жатат, алар алкоголго жана баңги заттарга көз каранды адамдарды реабилитациялоо программаларын ишке ашырат.

ЖАМКнын № 31 мекемесинде Европа Союзунун «Баңги заттарга бөгөт коюу» (CADAP) программасынын колдоосунда реабилитациялоо жана социалдык адаптациялоо борбору – РСАБ («таза зона») ачылган жана иштеп жатат, бул «Атлантис» программасынын терапиянын негизги курсун ийгиликтүү аяктаган бейтаптары өзүнүн реабилитациялоосун улантууга, эмгек жөндөмдөрүнө ээ болууга жана аны бекемдөөгө, башталгыч кесиптик билимди алууга жана бошонуп чыккандан кийин жарандык коомдо реинтеграциялоо жана адаптациялоо процессинен ийгиликтүү өтүүгө мүмкүндүк берет.

ИБК тобундагы АИВ-инфекция жаатында чабалдарга, АИВ менен жашаган адамдар (мындан ары - АЖА), кургак учук менен ооруган адамдарга басым жасоо менен, бошонуп чыккан соттолгондорду социалдык коштоо программаларын өнүктүрүүгө катуу көңүл бурулууда. Соттолгондорду бошотууга даярдоо программасы 12 пенитенциардык мекемеде киргизилген жана иштеп жатат.

Үч пенитенциардык мекемеде (эки тергөө изоляторунда жана бир түзөтүү мекемесинде) опиоидди алмаштыруу терапиясынын (мындан ары - ОАТ) программасы ишке ашырылууда, алардын негизги милдеттери болуп төмөнкүлөр саналат:

- бейтаптардын жашоосунун жана социалдык тиричилигинин сапатын жогорулатуу;
- программалардын катышуучуларынын арасында кан аркылуу жугуучу инфекциялык ооруларды профилактикалоо.

Баңги заттарды керектөөдөн улам өлүмгө учуроону кыскартуу.

Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлиги «Налоксон препаратын колдонуу менен опиоиддин дозасын ашырып жиберүүнүн профилактикалоонун стандарты» бекитилген жана опиоидди керектөөчүлөрдүн арасында өлүмгө учуроону кыскартуу боюнча программа жүзөгө ашырылууда, ал опиоиддик рецепторлордун антагонистин – налоксонду таратууга негизделген. 2009-жылдан тартып бул программанын катышуучуларынын саны 500дөн 2500 адамга чейин көбөйдү.

## 2.5. Эл аралык кызматташтык

Кыргыз Республикасы эгемендүүлүккө ээ болгон учурдан тартып баңгиликке каршы саясатты алда канча активдүү жүргүзгөн өлкөлөрдүн ичине кирет.

Баңги заттарга каршы күрөшүүдө эл аралык кооперациянын маанисин түшүнүү менен өлкө эл аралык координациялоо тутумун активдүү өнүктүрүп жатат.

3 Кыргыз Республикасындагы 2011-2012-жылдардагы баңги кырдаал боюнча отчет

Бул багытта 1994 - жылы баңгиликке каршы негизги конвенцияларга кошулуу биринчи, алда канча олуттуу кадам болду, бул республиканын баңгиликке каршы бирдиктүү дүйнөлүк системага киришин юридикалык жактан тариздеди. Бул кадам БКЭК, БУУ БКБ жана БУУнун Өнүктүрүү программасы (БУУӨП), Дүйнөлүк саламаттык сактоо уюму (мындан ары - ДСУ) жана БУУнун АИВ/ЖИКС боюнча программасы (ЮНЭЙДС) сыяктуу БУУнун башка профилдик институттары менен активдүү эриш-аркак аракеттенүүгө алып келди.

Кыргыз Республикасы баңги заттарга контролдук кылуу жана баңги заттардын мыйзамсыз жүгүртүлүшүнө каршы аракеттенүү чөйрөсүндө өкмөттүк жана ведомстволор аралык деңгээлдерде бир катар өлкөлөр менен эки тараптуу жана көп тараптуу эл аралык макулдашууларды түздү.

Жазык полициясынын эл аралык уюмуна (мындан ары - интерпол) Кыргыз Республикасынын кириши маанилүү кадам болуп калды.

Көз карандысыз Мамлекеттер Шериктештигинин (мындан ары - КМШ) алкагында ички иштер органдары КМШнын өкмөт башчыларынын Кеңешинин 1993-жылдын 24-сентябрындагы чечими менен түзүлгөн Уюшкан кылмыштуулукка жана кылмыштардын башка коркунучтуу түрлөрүнө каршы күрөштү координациялоо боюнча бюронун (мындан ары - УКККБ) алакасы астында баңгиликке каршы ишин координациялайт.

2005-жылдын 23-июнунда Жамааттык коопсуздук жөнүндө келишим уюмунун (мындан ары - ЖККУ) Кеңешинин сессиясында ЖККУга мүчө - мамлекеттердин Баңги заттарды мыйзамсыз жүгүртүүгө каршы аракеттенүү боюнча тиешелүү органдарынын жетекчилеринин координациялоо кеңеши (мындан ары - БМЖКК) жөнүндө жобо бекитилди, андан соң баңги заттарга каршы аракеттенүү боюнча активдүү иш кулач жайды.

Шанхай Кызматташтык Уюмунун (мындан ары - ШКУ) алкагында баңгиликке каршы багыттагы бир катар иш-чаралар, анын ичинде Баңгиликти профилактикалоо боюнча иш-аракеттердин стратегиясынын жана планынын долбоорун иштеп чыгуу, биргелешкен «Чычкан капканы - 2012» оперативдүү-профилактикалык иш-чараларын, жумушчу топтордун конференцияларын жана жыйындарын өткөрүү, маанилүү маалыматты алмашууну жөнгө салуу жүзөгө ашырылып жатат.

Кыргыз Республикасы жыл сайын БУУнун алакасы астында өткөрүлүүчү «Тарсет» эл аралык операцияларга активдүү катышууда. Европалык союз менен бирге аракеттенүү алкагында Кыргыз Республикасы баңгиликке каршы иштерге «КАДАП-5» программасы боюнча катышкан.

Кыргыз Республикасы ошондой эле АЙДЕК (IDEC - International Drug Enforcement Conference) сыяктуу таасирдүү уюмдун мүчөлөрүнүн курамына кирди, ал баңги заттардын мыйзамсыз жүгүртүлүшүнө каршы аракеттенүүгө умтулган дүйнөнүн 91 өлкөсүн бириктирип турат.

Өсүп бараткан баңгилик коркунучунун негизинде, Баңги заттарга контролдук кылуу жаатында региондук кызматташтык боюнча өз ара түшүнүшүү жөнүндө меморандумга кол койгон мамлекеттер (Азербайжан, Казакстан, Кыргызстан, Россия, Тажикстан, Түркмөнстан жана Өзбекстан) Борбордук Азиялык региондук маалыматтык координациялык борборун (БАРМКБ) түзүү жөнүндө чечим кабыл алды. Бул борбордун негизги милдетте-

ри баңги заттардын мыйзамсыз жүгүртүлүшүнө каршы күрөшүү боюнча макулдашылган биргелешкен эл аралык операцияларды уюштурууга, жүргүзүүгө жана координациялоого көмөктөшүү, ошондой эле баңги заттардын мыйзамсыз жүгүртүлүшү менен байланышкан чек аралык кылмыштуулук боюнча маалыматты чогултууну, сактоону, коргоону, талдоону жана алмашууну камсыз кылуу болуп калды.

Кыргыз Республикасынын Президентинин 2012-жылдын

9-июнундагы № 120 Жарлыгы менен бекитилген Кыргыз Республикасынын улуттук коопсуздугунун Концепциясында «Борбордук Азия регионунун маанилүү стратегиялык ролун түшүнүү менен Кыргызстан региондук интеграцияны андан ары тереңдетүү маселесине биринчи даражадагы маани берет, бул социалдык-экономикалык туруктуу өнүктүрүүнүн зарыл шарты болуп саналат. Регион боюнча бардык коңшулаш өлкөлөр менен түбөлүк достук жана жакын коңшулаштык жөнүндө келишимдер түзүлгөн. Эл аралык терроризмге, баңги бизнеске жана кылмыштуулукка каршы күрөш, жалпы социалдык-экономикалык жана экологиялык көйгөйлөрдү жана башка региондук көйгөйлөрдү чечүү коңшу мамлекеттердин бул багыттагы күч-аракеттерин бириктирүүнүн негизи болуп эсептелет» деп айтылган.

Кыргыз Республикасы баңги заттар менен байланышкан көйгөйлөрдү чечүүгө комплекстүү жана балансташкан ыкма принциптерине толук кошулат. Кыргыз Республикасы жүзөгө ашырып жаткан саясат ошондой эле БУУнун Уставында бекемделген жана Баңги каражаттары жөнүндө 1961-жылдагы Бирдиктүү Конвенцияда, Акыл-эске таасир берүүчү заттар жөнүндө 1971-жылдагы Конвенцияда жана Баңги каражаттарды жана акыл-эске таасир берүүчү заттарды мыйзамсыз жүгүртүүгө каршы күрөшүү жөнүндө БУУнун 1988-жылдагы конвенциясында камтылган жалпы кабыл алынган принциптерден жана максаттардан келип чыккан.

БУУнун толук укуктуу мүчөсү болуп саналуу менен, республика БУУнун Башкы Ассамблеясы кабыл алган Саясий принциптерди ишке ашырып, ошондой эле БКЭКтин жана ДСУнун жетектөөчү принциптерин сактайт.

Ошентип, Кыргыз Республикасы баңги заттарды өндүрүүчүлөрдөн тартып акыры керектөөчүлөргө чейин жеткирүүнүн жолуна бөгөт коюу үчүн бардык: улуттук, региондук жана эл аралык деңгээлдерде чараларды көрүп жатат.

# 3. ЧЕЧҮҮНҮ ТАЛАП КЫЛГАН КӨЙГӨЙЛӨР

Баңги заттардын терс таасирине каршы аракеттенүү чөйрөсүндө Кыргыз Республикасы жетишкен ийгиликтерге карабастан, чечүүнү талап кылган бир катар көйгөйлөр бар.

Өткөөл мезгилдин экономикалык оорчулуктары баңгиликке жана баңги заттарды мыйзамсыз жүгүртүүгө каршы күрөшүү боюнча мамлекеттик программаларды максаттуу каржылоону камсыз кылууга мүмкүндүк берген жок. Аларды аткаруу тиешелүү мамлекеттик органдардын ишин камсыз кылууга республикалык бюджеттен бөлүнгөн каражаттардын же эл аралык гранттардын каражаттарынын эсебинен жүзөгө ашырылат. Бул, өлкөдө баңгиликке каршы аракеттенүү боюнча жүзөгө ашырылып жаткан иш-чаралардын тутумдуулугун чектейт.

Биринчи деңгээлдеги баңгиликти профилактикалоо. Кыргыз Республикасында биринчи деңгээлдеги баңгиликти профилактикалоо маселелери көбүнесе иштелип чыкпаган бойдон калууда. Анын укуктук базасы, ошондой эле стандарттары, өзгөчө билим берүү чөйрөсүндөгү стандарттары жок.

Биринчи деңгээлдеги баңгиликти профилактикалоодо баңги заттарды керектөөнүн терс натыйжасына басым жасоо менен коркутуу түрүндө түшүнүү басымдуулук кылат. Тиричиликте сленгдик атоолор же криминалдык шарттуу сөздөр колдонулат, бул тыюу салынган субстанцияларды колдонууга кызыгууну гана күчөтөт.

Биринчи деңгээлдеги баңгиликти профилактикалоонун бир катар жоболору мамлекеттик жана улуттук программаларда бар, бирок алар көбүнесе конференцияларды жана «тегерек столдорду» өткөрүү, чакан нускадагы адабиятты чыгаруу аркылуу жүзөгө ашырылат. Тажрыйбада жүргүзүлүп жаткан профилактикалоо иш-чараларында жаңычыл элементтер жок жана азырынча иш жүзүндө болгон бир гана – баңги заттарды ашкере колдонуу көйгөйлөрүнө коомдун көңүлүн буруу маселеси чечилип жатат.

Баңги заттарга көз карандылыктын калыптанышына, эреже катары, тамеки, алкоголь, ингалянт (учуп кетүүчү аралашмаларды камтыган) жана ушул сыяктуу психикалык активдүү заттарды (мындан ары - ПАЗ) колдонуу жол ача тургандыгы жалпы түшүнүүнү пайда кылбайт. Натыйжада тамекини, алкоголду жана баңги заттарды пайдаланууга карата балдардын жана жаштардын терс мамилесин калыптандырууга багытталган профилактикалык иш-чаралары өз-өзүнчө жана окшош эмес усулдук негизде жүргүзүлөт.

Ошентип, биринчи деңгээлдеги баңгиликти профилактикалоо, баңги заттарды керектөөнүн өөрчүшүнө каршы аракеттенүүнүн алда канча маанилүү өбөлгөсү катары, Кыргыз Республикасында азырынча жетиштүү өлчөмдө өнүгө элек.

Экинчи жана үчүнчү деңгээлдеги баңгиликти профилактикалоо. Мамлекеттик наркологиянын койка фонду, анын материалдык-техникалык курамы соңку жылдары тиешелүү түрдө өнүккөн жок, анын каржылоосу натыйжалуу дарылоо-профилактикалык ишин жүргүзүү үчүн өтө жетишсиз. Медициналык программалар көбүнесе детоксикацияга негизделген, бул дарыланууга муктаждыкты жана кызмат көрсөтүүлөрдүн талап кылынган сапатын камсыз кылууга мүмкүндүк бербейт.

Реабилитациялык программалар Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигинин Республикалык наркология борборунун (мындан ары – РНБ) базасында гана иштейт. Айрым өзгөчөлүктөрдү кошпогондо, мамлекеттик органдардын кадрларын кесиптик даярдоо жана кайра даярдоо тутумунда көрсөтүлгөн багыттагы адистерди даярдоонун толук иштелип чыккан атайын программасы жок.

Пенитенциардык тутумдун шарттарында баңгиликти профилактикалоо. Жетишкендиктердин болгондугуна карабастан, пенитенциардык тутумдагы баңгини профилактикалоо абалы заманбап талаптарга жооп бербейт. Пенитенциардык тутумдагы дарылоо- профилактикалык бөлүмдөрүнүн материалдык-техникалык абалы жана жабдылышы канааттандырарлыксыз абалда калууда.

Баңги заттардын мыйзамсыз жүгүртүлүшүнө каршы күрөш. Көрүлүп жаткан чараларга карабастан, баңги заттарга контролдук кылуу боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган жана укук коргоо органдарында профилдик бөлүнүштөр дээрлик түзүлгөнгө чейин уюшкан баңги кылмыштуулугуна олуттуу зыян келтирилген эмес. Эксперттик баа берүүлөр боюнча, өлкөдө мыйзамсыз жүгүртүүдө болгон баңги заттардын 1 пайыздан ашпаган көлөмү алып салынчу. Кыргыз Республикасы эл аралык баңги трафигинин каналдарынын бири бойдон калууда, ал аркылуу кыйла көлөмдөгү баңги заттар КМШ өлкөлөрүнө жана андан аркы жакка салыштырмалуу эркин өтүп кетүүдө.

Ушуну менен бирге, укук коргоо органдарынын иши кыйла даражада баңги заттарды чекене сатуучуларды жана өзү колдонуу үчүн сактаган адамдарды жоопкерчиликке тартуу менен гана чектелген. Алсак, 2012-жылы бети ачылган баңгилик кылмыштарынын түзүмүндө сатуу максатын көздөбөстөн баңги заттарды сактоо баңгилик кылмыштарынын жалпы санынын үчтөн экисин түзгөн.

Кыргыз Республикасында иштеп жаткан эл аралык жана коммерциялык эмес уюмдардын өкүлдөрү профилактикалык программалардын же шприцтерди алмаштыруу жана ОАТ пункттарынын кардарларына карата жогорулаган укук коргоо активдүүлүгүнүн фактыларын көрсөтүп жатат, бул наркологиялык кызмат көрсөтүүлөрдү берүү үчүн тоскоолдук кылган фактор болуп саналат.

Жеткиликтүү маалымат базасынын жоктугу сатуу максатын көздөбөстөн чакан өлчөмдөрдө баңги заттарды мыйзамсыз сактагандыгы үчүн адамдарды административдик жоопкерчиликке тартуу тутумунун өнүгүшүн кечеңдетип жатат, ал баңги заттарга каршы аракеттенүүнүн алдын алуучу курамдык тутумун күчөтүүгө чакырылган.

Баңги заттарды мыйзамсыз жүгүртүүгө мамлекеттик органдардын кызмат адамдары тартылганына карабастан, бул чөйрөдө коррупцияга каршы күрөшүү талаптагыдай жүргүзүлбөй жатат.

Криминалдык баңги бизнесинен алынган каражаттарды мыйзамдаштыруу фактылары гана эмес, ошондой эле алардын бетин ачуу методологиясы жок. Бул багыттагы күрөш өнүкпөй жатат, бирок дүйнө өлкөлөрүнүн көпчүлүгүндө ал эң келечектүү багыттардын бири болуп саналат. Ошол эле учурда, эл аралык терроризмдин жана экстремизмдин күчтөрү криминалдык баңги бизнесин өзүнүн бузуп-жаруучулук ишин каржылоонун булагы катары активдүү пайдаланат.

Чек ара инфратүзүмүнүн жоктугунан гана эмес, ошондой эле коррупциядан улам келип чыккан өлкөнүн чек араларынын ачыктыгы көйгөйдү глобалдаштырып, Кыргызстанды дүйнөлүк баңги рыногунда жүрүп жаткан процесстерге көз каранды кылууда.

Баңги заттарды мыйзамсыз жүгүртүү республикадагы жалпы оперативдүү кырдаалды да түздөн-түз начарлатып жатат. Криминалдык баңги бизнесинде таасир этүү чөйрөлөрүн кайра бөлүштүрүүнүн негизинде киши өлтүрүүлөр адаттагы көрүнүш болуп калды.

Баңги каражаттарды, акыл-эске таасир берүүчү заттарды жана прекурсорлорду мыйзамдуу жүгүртүүгө контролдук. Кыргыз Республикасы баңги заттарды контролдоо чөйрөсүндө өзүнүн эл аралык милдеттенмелерин толук көлөмдө аткаруу боюнча чараларды көрүүдө. Негизинен бул чөйрөдөгү эл аралык ченемдерди аткаруу мыйзамдык деңгээлде бүткөрүлгөн. Ушуну менен бирге, адекваттуу тутумун түзүүнү аяктоо максатында, мыйзам алдындагы ченемдик укуктук актыларды кабыл алуу зарыл.

Эл аралык милдеттенмелер. БУУнун Баңги каражаттар боюнча комиссиясынын (мындан ары - БКК) 2009-жылдын 11-12-мартындагы Жогорку деңгээлдеги жыйналыштарынын этабында кабыл алынган. Саясий декларациясынын 36 жана 40-пункттарына ылайык Кыргыз Республикасы 2019-жылга карата төмөнкүлөрдү этап-этабы менен (БККнын 57-сессиясындагы баа берүүсү бар 2014-жылга чейинки мезгилде, ошондой эле андан кийин 2019-жылга чейин) жоюуну же олуттуу жана баа бериле турган кыскартууну камсыз кылуусу керек:

- апийим өсүмдүгүн жана каннабис өсүмдүгүн мыйзамсыз өстүрүүнү;
- баңги каражаттарга жана акыл-эске таасир берүүчү заттарга мыйзамсыз суроо-талапты, ошондой эле ден соолук үчүн баңги заттар менен байланышкан тобокелдиктерди жана социалдык тобокелдиктерди;
- акыл-эске таасир берүүчү заттарды мыйзамсыз өндүрүүнү, жасоону, сатууну жана таратууну, ошондой эле жүгүртүүнү;
- прекурсорлордун мыйзамсыз жүгүртүүдөн чыгышын;
- мыйзамсыз баңги заттар менен байланышкан акча каражаттарын адалдоонун масштабдарын.

# 4. КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ӨКМӨТҮНҮН БАҢГИ ЗАТТАРГА КАРШЫ ПРОГРАММАСЫ

Баңги заттарды контролдоо чөйрөсүндөгү Кыргыз Республикасынын мамлекеттик саясаты төмөнкүлөрдү кыскартуу (азайтуу) боюнча төмөнкүдөй стратегиялык багыттардын алкагында жүргүзүлөт:

- мыйзамсыз баңги заттарды сунуш кылууну;
- мыйзамсыз баңги заттарга суроо-талапты;
- баңги заттарды пайдалануудан келтирилген зыянды.

Бул Кыргыз Республикасынын баңги заттарга каршы программасы (мындан ары – Программа) төмөнкүлөргө багытталган:

- калктын баңги заттарга көз карандылыгынын жана аны менен байланышкан терс кесепеттердин деңгээлин төмөндөтүүгө;
- мамлекеттик органдардын, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жана жарандык коомдун баңги заттарга каршы ишин мобилизациялоого жана координациялоого;
- өлкөдөгү баңги кырдаалга натыйжалуу мамлекеттик жана коомдук контролду орнотууга;
- баңги заттарга көз карандылыктын таралышына жана баңги заттардын мыйзамсыз жүгүртүлүшүнө каршы аракеттенүүнүн ченемдик-укуктук негизин өркүндөтүүгө.

Программаны ишке ашыруунун принциптери болуп төмөнкүлөр саналат:

- демократизм – саясий чечимдерди кабыл алууга жарандардын, алардын коомдук бирикмелеринин кеңири катышуу мүмкүнчүлүгү;
- гуманизм – адамдын инсан катары баалуулугун таануу, адамдын укуктары менен эркиндиктерин, ошондой эле анын муктаждыктары менен керектөөлөрүн эсепке алуу жана урматтоо, гендердик теңчилик;
- ачыктык – баңги заттарды мыйзамсыз жүгүртүүгө каршы аракеттенүүнүн жүрүшү жөнүндө калктын маалымдар болушунун жетиштүү деңгээли, тиешелүү маалыматты, ошондой эле профилактикалоо, дарылоо жана баңги заттарды керектөөдөн келтирилген зыянды азайтуу жөнүндө маалыматтарды алуу мүмкүнчүлүгү;
- мыйзамдуулук – Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын алкагында баңги заттарды мыйзамсыз жүгүртүүгө каршы аракеттенүү жана профилактикалык программаларды жүзөгө ашыруу;
- максатка багыт алуу – бардык аракеттерди алдыга коюлган максаттарга, конкреттүү натыйжаларга жетишүүгө баш ийдирүү, аларды өлкөдө баңги заттарга контролдук кылуу маселелерин чечүүгө багыттоо, баңги коркунучуна каршы аракеттенүүгө таламдаш болгон бардык тараптардын күч-аракеттерин бириктирүү;
- комплекстүүлүк – бардык стратегиялык багыттарды көздөө жана Кыргыз Республикасынын башка мамлекеттик жана улуттук программалары менен макулдашуу;
- илимий жактан – баңгиликтин таралышына жана баңги заттарды мыйзамсыз жүгүртүүгө каршы аракеттенүү жаатында сарамжалдуу жана балансташкан саясаттын

негизин заманбап илимий ыкмаларды жана далилдөө медицинасын колдонуунун жардамы менен алынган фактылар жана болжолдор түзүүгө тийиш, бул болсо ушул көйгөйдү чечүүнүн алда канча натыйжалуу ыкмаларын аныктоого мүмкүндүк берет;

- үзгүлтүксүздүк жана узак мезгилге улануу – криминалдык баңги бизнесине каршы чечкиндүү күрөшүүгө, ошондой эле анын кесепеттеринен арылууга багытталган туруктуу аракеттерди, ошондой эле баңги заттарды керектөөнүн жана анын кесепеттеринин алдын алуу боюнча маалыматтык-билим берүү, медициналык жана социалдык иш-чаралардын тутумдарын институтташтырууну болжолдойт;
- реалдуулук - өлкөдөгү реалдуу баңги кырдаалын эске алуу менен баңгиликтин таралышына каршы аракеттенүүнү жана баңги заттарды мыйзамсыз жүгүртүүгө каршы күрөшүүнү жүзөгө ашыруу, алдыга коюлган максаттарды жана милдеттерди тиешелүү уюштуруу, материалдык жана кадр ресурстары менен камсыз кылуу;
- кеңири камтуу - баңги коркунучу жана аны менен байланышкан мамлекеттик башкаруудагы коррупция коркунучу, уюшкан кылмыштуулук, коомдун криминалдашуусу жана радикалдашуусу алардын ар кандай көрүнүштөрүнө: баңгиден түшкөн кирешелерин мыйзамдаштырууга («адалдоо»), террористтик аракеттерге, адамдарды мыйзамсыз сатууга, диний экстремизмге бир эле учурда дифференцияланган таасирди талап кылат;
- баңги каражаттарды, акыл-эске таасир берүүчү заттарды жана прекурсорлордун жүгүртүүлүшүн контролдоо чөйрөсүндө эл аралык укуктун ченемдерине шайкештик;
- жооп иретиндеги чаралардын, көрүнүштүн коомдук коркунучтуулук даражасынын шайкештиги;
- калктын катышуусу;
- эл аралык кызматташтык - баңги заттардын жүгүртүлүшүнө каршы күрөштө эки жана көп тараптуу негизде эл аралык кызматташтыкты чыңдоо жана кеңейтүү.

## 4.1. Программанын негизги максаттары жана милдеттери

Бул Программанын негизги максаттары болуп төмөнкүлөр саналат:

- баңги заттардын мыйзамсыз жүгүртүлүшүнүн көлөмүн төмөндөтүү;
- баңги заттарды керектөөнү жана алардан келип чыккан кесепеттерди азайтуу;
- дарылык баңги каражаттарынын жана акыл-эске таасир берүүчү заттардын саламаттык сактоонун муктаждыктарына ылайык жеткиликтүүлүгүн камсыз кылуу.

Баңги заттарды контролдоо чөйрөсүндө максаттарды ийгиликтүү ишке ашыруу төмөнкүдөй стратегиялык милдеттердин комплексин чечүүнү талап кылат:

- биринчи, экинчи жана үчүнчү деңгээлдеги баңгиликти профилактикалоо мамлекеттик системасын өнүктүрүү, мында биринчи деңгээлдеги профилактикалоого артыкчылык берүү;
- баңги кылмыштуулугуна жана коррупцияга, өзгөчө уюшкан формалардагы кылмыштуулукка каршы күрөшүү;
- баңги каражаттарды, акыл-эске таасир берүүчү заттарды жана прекурсорлорду мыйзамдуу жүгүртүүгө контролдоонун мамлекеттик тутумун өркүндөтүү;

- баңги заттарды мыйзамсыз жүгүртүүгө каршы аракеттенүүдө укук коргоо ишин өркүндөтүү;
- медициналык наркологиялык жардам тутумун өркүндөтүү;
- баңги заттарды мыйзамсыз керектөөнүн терс кесепеттерин (АИВ, вирустук гепатит жана башкалар) азайтуу;
- баңгиликке каршы ишти уюштуруучулук, ченемдик-укуктук жана ресурстук камсыз кылууну өркүндөтүү;
- баңги заттарга каршы профилактикалык иш-чараларга жарандык коомду тартуу;
- эл аралык кызматташтыктын деңгээлин жана натыйжалуулугун арттыруу.

## 4.2. Баңги заттарга контролдук кылуу чөйрөсүндөгү мыйзамдар

Бул Программанын укуктук негизи болуп Кыргыз Республикасынын мыйзамдары, анын ичинде Кыргыз Республикасынын мыйзамдар, башка ченемдик укуктук актылар, ошондой эле мыйзамда белгиленген тартипте күчүнө кирген Кыргыз Республикасы катышуучу болуп саналган эл аралык келишимдер саналат.

Улуттук мыйзамдар. Кыргыз Республикасынын Конституциясы, «Баңги кылуучу каражаттар, акыл-эске таасир берүүчү заттар жана прекурсорлор жөнүндө», «Коомдук саламаттык сактоо жөнүндө», «Кыргыз Республикасындагы саламаттык сактоо уюмдары жөнүндө» Кыргыз Республикасынын мыйзамдары, Кыргыз Республикасынын Президентинин 2013-жылдын 21-январындагы № 11 Жарлыгы менен бекитилген 2013-2017-жылдардын мезгилине Кыргыз Республикасын туруктуу өнүктүрүүнүн стратегиясы, Кыргыз Республикасынын Президентинин 2012-жылдын 9-июнундагы № 120 Жарлыгы менен бекитилген Кыргыз Республикасынын Улуттук коопсуздугунун концепциясы, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2012-жылдын 15-майындагы № 297 токтому менен бекитилген Кыргыз Республикасынын 2012-2016 жылдарга Жазык-аткаруу (пенитенциардык) тутумун өнүктүрүүнүн улуттук стратегиясы, «Кыргыз Республикасында контролдонууга тийиш болгон баңги каражаттары, акыл-эске таасир берүүчү заттар жана прекурсорлор жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2007-жылдын 9-ноябрындагы № 543 токтому.

Эл аралык документтер. Баңги каражаттары жөнүндө БУУнун 1961-жылдагы бирдиктүү конвенциясы, Акыл-эске таасир берүүчү заттар жөнүндө БУУнун 1971-жылдагы конвенциясы, Баңги каражаттарды жана акыл-эске таасир берүүчү заттарды мыйзамсыз жүгүртүүгө каршы күрөшүү жөнүндө БУУнун 1988-жылдагы конвенциясы, БУУнун Башкы Ассамблеясы жыйырманчы атайын сессиясында кабыл алган 1998-жылдын 10-июнундагы S-20/2 Саясий декларация, Баңги заттарга суроо-талапты кыскартуунун жетектөөчү принциптери жөнүндө БУУнун Башкы Ассамблеясынын 1998-жылдын 10-июнундагы S-20/3 декларациясы, Баңги каражаттар боюнча комиссиянын Жогорку деңгээлдеги 2009-жылдын 11-12-мартындагы жыйынынын этабында кабыл алынган Баңги заттардын дүйнөлүк көйгөйлөрүнө каршы күрөшүүнүн комплекстүү балансташкан стратегиясын иштеп чыгуу максатында эл аралык кызматташтыкты жөнгө салуу боюнча Саясий декларация жана Иш-аракеттердин планы, Баңги каражаттарга контролдук кылуу боюнча эл аралык комитеттин: «Жоготуулар жана баңги каражаттарды жок кылуу жөнүндө статистикалык маалыматтарды БКЭКке берүү тууралуу», «Химиялык өнөр жайдын аракеттеринин ыктыярдуу кодексин даярдоо

жөнүндө», «Эл аралык контролдогон баңги каражаттар менен дарылануугa баргандарга карата», «Эл аралык контролдо турган буюмдарды Интернет аркылуу мыйзамсыз сатуунун алдын алуу боюнча», «Эталондук үлгүлөр боюнча», «Отчеттор боюнча» жана башка жетектөөчү принциптери, ошондой эле БУУнун Экономикалык жана социалдык кеңешинин (ЭКОСОС) 2004/40 резолюциясын аткаруу үчүн иштелип чыккан Дүйнөлүк саламаттык сактоо уюмунун (ДСУ) психологиялык-социалдык коштоосу бар опиоиддик көз карандылыкты фармакологиялык дарылоо боюнча колдонмосу.

## 4.3. Иш жүргүзүүнүн негизги багыты

### 4.3.1. Мыйзамсыз баңги заттарга суроо-талапты кыскартуу

БУУнун Башкы Ассамблеясынын 1998-жылдын 10-июнундагы S-20/3 резолюциясына ылайык мыйзамсыз баңги заттарга суроо-талапты кыскартуу боюнча чаралар мыйзамсыз баңги каражаттарына жана акыл-эске таасир берүүчү заттарга керектөө суроо-талабын жоюуга же кыскартууга багытталган. Алар баңги заттарды керектөөнүн алдын алууну жана аларды ашкере колдонуунун жагымсыз натыйжаларын азайтууну; географиялык абалды, экономикалык шарттарды, баңги заттарды керектөөчүлөрдүн санын, маданий өзгөчөлүктөрдү жана гендердик факторлорду эске алуу менен айрым адамдардын жана бүтүндөй алганда коомдун активдүү жана макулдашылган катышуусун камсыз кылууну жана кубаттоону камтыйт.

Бул Программанын принциптери болуп төмөнкүлөр саналат:

- стандартташтыруу, башкача айтканда, профилактикалык иш-чараларын жүзөгө ашыруунун бирдиктүү талаптарын жана ыкмаларын иштеп чыгуу жана киргизүү;
- профилактикалоо объекттеринин ар биринин өзгөчөлүгүн эске алуу менен таасир этүүнүн даректүүлүгү;
- позитивдүүлүк, башкача айтканда, профилактикалоо объекттерине таасир этүүдө маалыматтык коркутуп-үркүтүүнүн жоктугу;
- тутумдук, башкача айтканда, жарандык коомдун субъекттеринин жана пенитенциардык мекемелердин тиешелүү көңүл буруусу жана аларды координациялоо менен профилактикалоонун бардык объекттерине комплекстүү үзгүлтүксүз таасир этүү;
- адамдын жана жарандын укуктары менен эркиндиктерин сактоо, гендердик теңчилик;
- секторлор аралык кызматташтык, мамлекеттик жана жарандык секторлордун эриш-аркак аракеттенүүсү.

#### Биринчи деңгээлдеги баңгиликти профилактикалоо

Биринчи деңгээлдеги баңгиликти профилактикалоо мамлекеттик органдардын жана жарандык коомдун ишинде мыйзамсыз баңги заттарга суроо-талапты төмөндөтүүнүн негизги ыкмаларынын бири болуп саналат. Биринчи деңгээлдеги баңгиликти профилактикалоонун негизги максаты үй-бүлөнүн жана мамлекеттин колдоосу менен психикалык жактан чың, инсан катары калыптанган, мыйзамдын чегинен чыкпаган жана өзүнүн жүрүш-турушу үчүн жоопту, сергек жашоо көндүмдөрү бар, турмуштук көйгөйлөрдү адекваттуу ыкмалар менен жеңүүгө кудуреттүү адамды тарбиялоо болуп саналат.

Биринчи деңгээлдеги баңгиликти профилактикалоонун милдеттери болуп төмөнкүлөр саналат:

- ченемдик укуктук базаны өркүндөтүү, анын ичинде тиешелүү мыйзам долбоорлорун Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин кароосуна киргизүү аркылуу мыйзамсыз жүгүртүүдөгү баңги заттарга суроо-талапты натыйжалуу кыскартуу үчүн жагымдуу укуктук чөйрөнү түзүү;
- баңги заттарды контролдоо боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын координациялоо ишинин профилактикалык курамын күчөтүү;
- сергек жашоо ыңгайын жүргүзүү үчүн шарттарды түзүү жана үй-бүлө, мамлекет, жаштар бирикмелери, жарандык жана бизнестик жамаат, ошондой эле жалпыга маалымдоо каражаттары тарабынан балдар жана жаштар үчүн баңги заттарды керектөөнүн альтернативасын берүү (ден соолукту чыңдоочу жана жеткиликтүү эс алууну уюштуруу, анын ичинде дене тарбиясы менен спортту, активдүү оюндарды, жекече, топтук же массалык иш-чараларды өнүктүрүү аркылуу);
- жергиликтүү мамлекеттик администрациялардын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын профилактикалык ишин активдештирүү, ошондой эле мамлекеттик жана коомдук мекемелерде (билим берүү, саламаттык сактоо, социалдык коргоо уюмдары, куралдуу күчтөр, укук коргоо органдары, пенитенциардык тутум, жалпыга маалымдоо каражаттары) санитардык-агартуу ишинин жана маданий тарбиялоонун үзгүлтүксүз тутумун түзүү;
- ден-соолукту сактоого жана чыңдоого, социалдык жыргалчылыкка жетишүүгө умтулууга көмөктөшүүчү турмуштук көндүмдөрдү калыптандыруу (чечимдерди кабыл алуу, натыйжалуу баарлашуу, критикалык ой жүгүртүү, теңтуштардын терс кысымына каршылык көрсөтүү, эмоцияны башкара билүү көндүмдөрүнө үйрөтүү);
- психикалык активдүү заттарды (мындан ары – ПАЗ) керектөөнүн кесепеттери жөнүндө маалымдоого илимий-негизделген усулдарды жана ыкмаларды түзүү;
- кризистик кырдаалдарда жаштарды колдоо тутумун уюштуруу;
- пенитенциардык мекемелерде алардын өзгөчүлүгүн сактоо шарты менен биринчи деңгээлдеги профилактикалоо тутумун түзүү.

**Экинчи деңгээлдеги баңгиликти профилактикалоо**

Экинчи деңгээлдеги баңгиликти профилактикалоо – бул үй-бүлөнүн жана мамлекеттин колдоосу менен адамды жана социалдык чөйрөнү жакшыртууга, ошондой эле баңги заттарды керектөөчүлөрдү профилактикалык программаларды жүзөгө ашырууга тартууга багытталган медициналык, психологиялык жана социалдык иш-чаралардын комплекси.

Экинчи деңгээлдеги баңгиликти профилактикалоонун милдеттери болуп төмөнкүлөр саналат:

- баңги заттарды керектөөчүлөрдү дарылоону, багууну жана колдоону ишке ашыруу үчүн ченемдик укуктук базаны өркүндөтүү жана жагымдуу укуктук чөйрөнү түзүү;
- Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык пенитенциардык мекемелер жана жарандык калк үчүн жеткиликтүү, илимий жактан негизделген наркологиялык жардамды камсыз кылуу;

- купуялуулук шарттарында кызмат көрсөтүүлөрдүн толук спектрин алуу мүмкүнчүлүгүн камсыз кылуу менен мамлекеттик наркологиялык кызматтын дараметин өстүрүү жана инфратүзүмдөрүн өнүктүрүү, медициналык персоналдын ишинин натыйжалуулугунун сапатын жогорулатуу;
- баңги заттарга көз каранды адамдарды диагностикалоо, дарылоо жана реабилитациялоо жаатында илимий изилдөөлөрдү колдоо, жаңы технологияларды ишке киргизүү;
- баңги заттарды керектөөчүлөрдү реабилитациялоо жана социалдык жактан адаптациялоо боюнча кызмат көрсөткөн менчиктин бардык формаларындагы уюмдарды өнүктүрүү жана колдоо;
- баңги заттарды керектөөчүлөрдүн жакын чөйрөсүнө (бирге көз каранды адамдарга) психологиялык, социалдык жана укуктук колдоону камсыз кылуу;
- баңги заттарга көз карандылыкты агонисттер жана антагонисттер менен дары-дармектик дарылоо программаларын өнүктүрүү жана кеңейтүү;
- кабыл алуучу-бөлүштүрүүчү жайларда, убактылуу кармоо жайларында, тергөө изоляторлорунда, түзөтүү мекемелеринде жана башка камакта кармоо жерлеринде баңги заттарга көз карандылыктан жабыркаган адамдардын экинчи деңгээлдеги профилактикалоо кызмат көрсөтүүлөрүнө жеткиликтүүлүгүн камсыз кылуу.
- Кыргыз Республикасынын пенитенциардык тутумунда психологиялык кызматын өнүктүрүү.

**Үчүнчү деңгээлдеги баңгиликти профилактикалоо**

Үчүнчү деңгээлдеги профилактикалоо – бул наркологиялык оорулардын рецидивдеринин жана алардын ырбап кетишинин алдын алууга, ошондой эле көз каранды адамдарды андан ары реабилитациялоого багытталган иш-чаралардын комплекси.

Үчүнчү деңгээлдеги баңгиликти профилактикалоонун милдеттери болуп төмөнкүлөр саналат:

- медициналык ишмердикти жүзөгө ашырууга уруксаттамасы бар, менчиктин бардык формаларындагы наркологиялык мекемелердин ишинде координациялоону жана ыкмалардын бирдиктүүлүгүн камсыз кылуу;
- баңги заттарга көз каранды адамдарды реабилитациялоонун жана аларды андан ары социалдык адаптациялоонун натыйжалуу инновациялык технологияларын иштеп чыгуу жана киргизүү;
- Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык жарандык сектордо жана пенитенциардык мекемелерде жеткиликтүү, илимий жактан негизделген наркологиялык жардамды камсыз кылуу;
- баңги заттарга көз каранды адамдарды реабилитациялоо жана социалдык адаптациялоо боюнча медициналык наркологиялык жардам берген жана кызмат көрсөткөн менчиктин бардык формаларындагы уюмдарды өнүктүрүү жана колдоо;
- баңги заттарга көз каранды адамдардын бири-бирине жардам берүү топторун колдоо.

### 4.3.2. Баңги заттарды мыйзамсыз сунуш кылууну кыскартуу

Бул иштин багыты баңги заттарды мыйзамсыз жүгүртүүгө (өндүрүү, даярдоо, ташуу, жөнөтүү, сактоо жана сатуу) каршы күрөшүүгө, ошондой эле баңги заттардын мыйзамсыз жүгүртүүгө чыгып кетишине жол бербөөгө багытталган.

Бул багыттын принциптери болуп төмөнкүлөр саналат:

- тутумдук, башкача айтканда, жарандык коомдун субъекттеринин жана пенитенциардык мекемелердин тиешелүү көңүл буруусунун жана координациялоосунун астында баңги заттарды мыйзамсыз жүгүртүүнүн бардык этаптарына үзгүлтүксүз комплекстүү таасир этүү;
- мыйзамдуулук, башкача айтканда, баңги заттарды мыйзамсыз жүгүртүү чөйрөсүн жөнгө салган мыйзамдардын чектеринде баңгилик коркунучуна каршы аракеттенүүнү жүзөгө ашыруу;
- адамдын жана жарандын укуктары менен эркиндиктерин сактоо, гендердик теңчилик;
- секторлор аралык кызматташтык, мамлекеттик жана жарандык секторлордун эриш-аркак аракеттенүүсү;
- укук коргоо органдарынын ортосунда секторлор аралык кызматташтык жана эриш-аркак аракеттенүүсү;
- эл аралык кызматташтык (баңги заттарды мыйзамсыз жүгүртүүгө каршы күрөштө эки жана көп тараптуу негизде эл аралык кызматташтыкты чыңдоо жана кеңейтүү);
- баңги каражаттарды жана прекурсорлорду мыйзамдуу жүгүртүүнү контролдоо чөйрөсүндө ыкмалардын балансташкандыгы.

Бул багыттын милдеттери болуп төмөнкүлөр саналат:

- баңги трафигинин, баңги каражаттардын, акыл-эске таасир берүүчү заттардын жана прекурсорлордун контрабандасынын каналдарын, мыйзамсыз баңги каражаттардын, акыл-эске таасир берүүчү заттардын жана алардын прекурсорлорунун дүң жана чекене таралышынын тарамдарын табуу жана жоюу;
- баңги заттарды мыйзамсыз даярдоонун чийки зат базасын азайтуу;
- баңги каражаттардын, акыл-эске таасир берүүчү заттардын жана прекурсорлордун мыйзамдуу жүгүртүүдөн мыйзамсыз жүгүртүүгө чыгып кетишин чектетүү;
- баңги заттарды мыйзамсыз жүгүртүүдөн түшкөн кылмыштык кирешени мыйзамдаштырууга (адалдоого) каршы күрөшүү, ошондой эле алардын мыйзамсыз орун которушунун каналдары менен ыкмаларын табуу жана жоюу;
- ПАЗдын контролдонбогон түрлөрүн андан ары жүгүртүүгө жана керектөөгө жол бербөө боюнча ченемдик жана башкаруу чечимдерин кабыл алуу, тажрыйбалык чараларды көрүү менен аларды керектөө фактыларын табуу.

### 4.3.3. Баңги каражаттарды, акыл-эске таасир берүүчү заттарды жана прекурсорлорду мыйзамсыз жүгүртүүгө каршы күрөшүү

Баңги заттарды мыйзамсыз сунуш кылууну кыскартуу чөйрөсүндө иштин негизги багыттары төмөнкүлөр болуп саналат:

- баңги заттарды мыйзамсыз жүгүртүүгө каршы күрөшүүнү жана алардын мыйзамсыз жүгүртүлүшүн контролдоонун ченемдик укуктук базасын, анын ичинде аралыктык сатуу дарыканаларынын ишин өркүндөтүү;
- баңги заттарга каршы бөлүмдөрдүн кадрларын кесиптик даярдоо жана квалификациясын жогорулатуу тутумун түзүү;
- Кыргыз Республикасынын укук коргоо органдарынын баңги заттарга каршы күрөшүү бөлүнүштөрүнүн потенциалын, анын ичинде атайын каражаттар жана техника менен чыңдоо аркылуу чек аралардын ачыктыгын азайтуу;
- баңги заттарды мыйзамсыз жүгүртүү деңгээли жогору болгон өлкөлөрдөн Кыргыз Республикасына келген жүктөрдү жана адамдарды контролдоону күчөтүү;
- баңги бизнесине, анын ичинде анын уюшкан формаларына каршы күрөштө ыкчам издөө ишин күчөтүү. Кылмыштуу кирешелерди мыйзамдаштырууга (адалдоо), коррупцияга, террористтик жана экстремисттик топторду баңги заттарды мыйзамсыз жүгүртүүдөн алынган каражаттар менен каржылоо каналдарына, ошондой эле улуттар аралык уюшкан кылмыштуу топторунун ишине бөгөт коюу;
- оперативдүү маалыматтарды жана далилдерди чогултуу жана пайдалануу ыкмаларын, анын ичинде соттор санкция берген электрондук байкоо жүргүзүү жана берүүлөрдү контролдоо сыяктуу далил чогултуу ыкмаларын иштеп чыгуу;
- маалымат-талдоо тутумдарын түзүү, маалыматтарды чогултууну, иштетүүнү жана талдоону өркүндөтүү, электрондук маалымат базасын түзүү жана аларга адистердин жеткиликтүүлүгүн камсыз кылуу, ошондой эле алардын жарыяланбастыгын жана маалымат булактарын коргоону камсыз кылуу менен оперативдүү маалыматтарды алмашуу;
- түзөтүү мекемелеринин контролдоп-өткөрүү режимин өркүндөтүү: баңги каражаттарды, акыл-эске таасир берүүчү заттарды табуу заманбап техника жана каражаттар менен (кызматтык издөө иттери, газ анализаторлор ж.б.) камсыз кылуу;
- баңги кырдаалын болжолдоо тутумун түзүү жана укук коргоо органдарынын жаңы шарттарда иштөөгө даярдыгын камсыз кылуу;
- баңги заттарды мыйзамсыз жүгүртүүгө каршы күрөштө укук коргоо органдарына көмөк көрсөтүү үчүн калк менен эриш-аркак аракеттенүүнү күчөтүү;
- ченемдик укуктук базаны чыңдоо, маалымат, тажрыйба жана байланыш офицерлерин алмашуунун мамлекеттер аралык механизмдери аркылуу эл аралык кызматташтыкты өркүндөтүү; баңги каражаттарды, акыл-эске таасир берүүчү заттарды жана прекурсорлорду контролдоп жеткирип берүүлөрдү белгиленген тартипте жүргүзүү; макулдашылган мамлекеттер аралык оперативдүү - профилактикалык операцияларын ишке ашыруу; тергөөдө, сот өндүрүшүндө жана кылмыштык жазалоодо өз ара укуктук жардам берүү.

### 4.3.4. Баңги каражаттарды, акыл-эске таасир берүүчү заттарды жана прекурсорлорду мыйзамдуу жүгүртүүнү контролдоо

Баңги каражаттарды, акыл-эске таасир берүүчү заттарды жана прекурсорлорду мыйзамдуу жүгүртүүнү контролдоо тутумунун негизги милдеттери:

- Кыргыз Республикасынын эл аралык-укуктук милдеттенмелерин аткаруу аркылуу баңги каражаттардын, акыл-эске таасир берүүчү заттардын жана прекурсорлордун

мыйзамсыз жүгүртүүгө чыгып кетишин болтурбоо тутумун өркүндөтүү жана препараттан таасир берүүчү заттарды бөлүп алууга тоскоолдук кылган формаларда баңги заттарды камтыган дары-дармек каражаттарын ташып келүү механизмдерин калыптандыруу;

- «Баңги кылуучу каражаттар, акыл-эске таасир берүүчү заттар жана прекурсорлор жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамында жана Кыргыз Республикасы катышуучусу болуп саналган эл аралык макулдашууларда каралган максаттарда контролдонуучу заттарга калктын жана өнөр жайдын жеткиликтүүлүгүн камсыз кылуу.

Баңги каражаттарды, акыл-эске таасир берүүчү заттарды жана прекурсорлорду мыйзамдуу жүгүртүүнү контролдоо чөйрөсүндө иштин артыкчылыктуу багыттары:

- баңги каражаттарды жана акыл-эске таасир берүүчү заттарды (ташып келүүдөн тартып, айкын керектөөчүгө чейин) бөлүштүрүүнүн мыйзамдуу каналдарын контролдоо тутумдарын өркүндөтүү, улуттук мыйзамдарды шайкеш келтирүү жана аларды бул чөйрөдөгү Кыргыз Республикасынын эл аралык милдеттенмелерине ылайык келтирүү;
- товарлардын агымын изилдөө жана мыйзамдуу контролдонуучу препараттарды керектөөлөргө баа берүү;
- баңги каражаттарды, акыл-эске таасир берүүчү заттарды жана прекурсорлорду эсепке алуунун жана жүгүртүлүшүн контролдоонун өркүндөтүлгөн тутумун ишке киргизүү;
- баңги заттарга көз карандылыкты пайда кылган баңгилик дары-дармек каражаттарын пайдалануунун ылайыкташтыруу жана тиешелүү контролдоочу чараларды көрүү;
- прекурсорлорго контролдук кылуу боюнча чараларды өркүндөтүү;
- эл аралык кызматташтыкты кеңейтүү, анын ичинде эл аралык операцияларга катышуу.

Баңги дары-дармектик каражаттар оорунун синдромун жок кылуу үчүн медициналык максаттарда сатып алына тургандыгын эске алып, ошондой эле муктаж адамдарга баңги каражаттардын жана акыл-эске таасир берүүчү заттардын дары-дармектик формаларын дайындалган дарылоого ылайык толук көлөмдө берүү үчүн медициналык жана социалдык инфратүзүмдөрдү өнүктүрүү менен экономикалык ыкмаларды да пайдалануу зарыл.

Баңги каражаттарды, акыл-эске таасир берүүчү заттарды жана прекурсорлорду мыйзамдуу жүгүртүүнүн субъекттерин камсыз кылуу бул иштин зарылчылыгын төмөнкүлөрдүн негизинде шарттайт:

- Кыргыз Республикасынын аймагында контролдоого тийиш болгон баңги каражаттардын, акыл-эске таасир берүүчү заттардын жана прекурсорлордун тизмелерин дайыма жаңылап туруунун;
- менчиктин бардык формаларындагы субъекттердин ишине туруктуу мониторинг жүргүзүүнүн жана контролдоонун;
- баңги каражаттарды, акыл-эске таасир берүүчү заттарды жана прекурсорлорду мыйзамдуу жүгүртүүнү контролдоо чөйрөсүндө Кыргыз Республикасынын мыйзамдарын өркүндөтүүнүн.

### 4.3.5. Зыянды азайтуу

Зыянды азайтуу – бул баңги заттарды керектөөнүн терс медициналык, социалдык, укуктук, экономикалык жана демографиялык кесепеттерин азайтууга багытталган иш-чаралардын комплекси, алардын максаты баңги заттарды керектөөчүлөрдүн өлүмгө учуроосун азайтуу, инфекциялык оорулардын профилактикалоо, ошондой эле баңги заттарга көз каранды адамдын жана бүтүндөй алганда коомдун турмушунун сапатын жакшыртуу болуп саналат.

Бул багыттын принциптери болуп төмөнкүлөр саналат:

- мыйзамдуулук, башкача айтканда, Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын алкагында программаларды жүзөгө ашыруу;
- программалардын катышуучуларынын мыйзамдуу укуктары менен таламдарын урматтоо, басмырлоодон жана стигматизациялоодон арылуу;
- гендердик теңчиликке кызмат көрсөтүүлөрдүн жеткиликтүүлүгү;
- зыянды азайтуу программаларын мамлекеттик органдардын жакташы;
- программаны тандоонун жана ага катышуунун ыктыярдуулугу;
- өзүнүн жүрүш-турушу үчүн кардардын жоопкерчилиги.

Зыянды азайтуу программаларынын башкы стратегиялык максаты – баңги заттарды керектөөдөн, анын ичинде АИВ-инфекциянын жана кан аркылуу өтүүчү башка инфекциялардын таралышынан келтирилген медициналык кесепеттердин алдын алуу, ошондой эле баңги заттарды керектөөчүлөрдүн өлүмгө учурашын азайтуу.

Бул багыттын милдеттери болуп төмөнкүлөр саналат:

- баңги заттардан келтирилген зыянды азайтуу чөйрөсүндө тиешелүү эл аралык ченемдерди аткаруу;
- жарандык сектордо, кабыл алуучу-бөлүштүрүүчү жайларда, убактылуу кармоо жайларында, тергөө изоляторлорунда, түзөтүү мекемелеринде жана камакта кармоонун башка жерлеринде муктаж адамдар үчүн кызмат көрсөтүүлөрдүн комплекстүү пакетинин жеткиликтүүлүгүн камсыз кылуу;
- адистерди (дарыгерлерди, социалдык кызматкерлерди, педагогдорду, укук коргоо органдарынын кызматкерлерин) кесиптик даярдоо жана дипломдон кийинки үзгүлтүксүз окутуу тутумун өркүндөтүү;
- зыянды азайтуу максаттары жана милдеттери жөнүндө калкты, анын ичинде жалпыга маалымдоо каражаттарынын катышуусу менен агартуу үчүн маалыматтык-билим берүү программаларын иштеп чыгуу жана киргизүү;
- зыянды азайтуу программаларын натыйжалуу жүзөгө ашыруу үчүн үй-бүлө, мамлекет жана жарандык коом тарабынан шарттарды түзүү.

Зыянды азайтуунун артыкчылыктуу багыттары:

- - стерилизацияланган ийнени, шприцтерди жана презервативдерди берүү;
- базалык медициналык жардамды жана адистердин кеңеш берүүсү;
- коопсуз инъекциялык, сексуалдык жүрүш-туруш, АИВ-инфекциялар жана вирустук гепатиттер жөнүндө маалымат берүү;

- зыянды азайтуу программаларында баңги заттарга көз каранды жана «бирге көз каранды» адамдардын коомдоштугунун ролун жогорулатуу;
- зыянды азайтуу программалары үчүн кадрларды даярдоо.

Опиоиддердин дозасын ашыруудан улам өлүмгө учуроону четтетүү. Опиоиддердин дозасын ашыруудан улам өлүмгө учуроону четтетүүнүн милдеттери болуп төмөнкүлөр саналат:

- дарыгерге чейин кечиктирилгис жардам көрсөтүү боюнча ченемдик укуктук базаны иштеп чыгуу;
- дозасы ашып кеткен учурда кечиктирилгис жардам көрсөтүүгө медициналык, социалдык жана башка кызматтардын, ошондой эле укук коргоо жана пенитенциардык тутумдардын жана коммерциялык эмес уюмдардын кызматкерлерин окутуу тутумун түзүү;
- тиешелүү мамлекеттик кызматтарды жана коммерциялык эмес уюмдарды зарыл санда опиоиддик рецепторлордун антагонисттери менен камсыз кылуу;
- опиоиддерди керектеген адамдардын арасында дозаны ашырууну профилактикалоо жана кечиктирилгис жардам көрсөтүү боюнча маалымат-түшүндүрүү иштерин жүргүзүү.

# 5. ПРОГРАММАНЫ АТКАРУУ ЖАНА КОНТРОЛДОО

Бул программаны ишке ашыруу максатында финансылык каражаттарды эсептөө жана байкоо жүргүзүү менен баа берүүнүн индикаторлорун камтыган республикалык, ведомстволук жана региондук иш-чаралар пландарын иштеп чыгуу каралган.

Бул Программаны ишке ашыруунун, программалар менен пландарды аткаруунун жүрүшүн контролдоо баңги заттарды контролдоо боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик органга жүктөлөт.

Ушул Программаны ишке ашырууга тартылган бардык мамлекеттик органдар иштин тиешелүү багыттары боюнча Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө мезгил-мезгили менен отчет берет.

Бул Программаны каржылоо республикалык бюджетте тийиштүү жылга министрликтер жана ведомстволор үчүн каралган каражаттардын чегинде, ошондой эле Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында тыюу салынбаган башка булактардан жүргүзүлөт.

# ГЛОССАРИЙ

**Агонисттер** – рецепторлордун активдештирүү принциби боюнча аракеттенген заттар. Опиоид рецепторлорунун агонисттери типтүү баңги анальгетиктер категорияларын түзөт.

**Антагонисттер** – рецепторлордун дүүлүктүрүү эффектинин козголушуна тоскоол болгон, атаандаштык басаңдаткыч тиби боюнча рецепторлорду тосууга жөндөмдүү заттар.

**Аралыкта сатуу дарыканалары (анын ичинде Интернет-дарыканалар)** – телефон же интернет-сайттар аркылуу тапшырык кылынган медициналык препараттарды үйгө жеткирүү боюнча уюмдар.

**ПАЗга көз каранды бейтап** – саламаттык сактоо уюму тарабынан «ПАЗды пайдалануунун натыйжасында, психикалык жана жүрүм-турумдун бузулушу» - диагнозу коюлган адам.

**Ташып келүү (импорт) жана ташып чыгуу (экспорт)** – баңги каражаттардын, акыл-эске таасир берүүчү заттардын же прекурсорлордун Кыргыз Республикасынын чегинен тышкары жакка орун которушу же алардын башка мамлекеттен Кыргыз Республикасына ташылып келиши.

**Гашиш** – каннабистин чайыры (CANNABIS RESIN) – бөлүп алынган чайырдын атайын даярдалган аралашмасы, «каннабис» өсүмдүгүнүн чаңы же аралашмага кандай форма берилгенине карабастан – таблеткалар, пилюлалар, ныкталган плиткалар, пасталар жана башкалар (буга үрөндөр кирбейт) – «каннабис» өсүмдүгүнүн баштарын ар кандай толтургучтар менен иштетүү (майдалоо, ныктоо ж.б.) аркылуу жасалган аралашма. Негизги активдүү ингредиент болуп дельта-9-тетрагидроканнабинол саналат.

**Героин** – диацетилморфин, морфиндин 3,6-диацетилдүү туундусу.

**Мамлекеттик квота (жылдык керектөө)** – баңги каражаттардын жана акыл-эске таасир берүүчү заттардын мыйзамдуу жүгүртүлгөн чектеринде Кыргыз Республикасынын аларга болгон керектөөсүн эсептөөнүн негизинде Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан эл аралык келишимдерге ылайык белгиленген баңги каражаттардын же акыл-эске таасир берүүчү заттардын максималдуу саны.

**Детоксификация (Detoxification)** – психикалык активдүү заттардын таасиринен бейтапты чыгаруу процесси.

**Баңги каражаттарды, акыл-эске таасир берүүчү заттарды жана прекурсорлорду мыйзамдуу жүгүртүү** – буга уруксаты бар мамлекеттик органдардын, жеке жактардын, менчигининин түрүнө карабастан ишканалар менен мекемелердин баңги каражаттарды, акыл-эске таасир берүүчү заттарды жана прекурсорлорду иштеп чыгуу, өндүрүү, жасоо, кайра иштетүү, сактоо, ташуу, жөнөтүү, берүү, сатуу, бөлүштүрүү, сатып алуу, пайдалануу Кыргыз Республикасынын бажы аймагына ташып келүү, Кыргыз Республикасынын бажы аймагынан ташып чыгуу менен байланышкан иши.

**Көз карандылык (Dependence)**. Жалпы пайдаланылган маани катары атоо кимдир бирөө тарабынан бир нерсеге, же кыймыл аракет кылууга жөндөмдүүлүгүн же өмүрүн

сактоого болгон зарылчылык же муктаждык абалын билдирет. Аны кеңири мааниде калаган ПАЗга көз карандылыкка карата, же тар мааниде - айкын баңги заттарга же баңги заттар классына карата пайдаланууга болот (мисалы, опиоиддерден көз карандылык). «Көз карандылык» атоосу баңги каражаттардан көз карандылыктын соматикалык, ошондой эле психологиялык элементтеринине көпчүлүк учурда тийиштүү болот.

**Баңги каражаттарды же акыл-эске таасир берүүчү заттарды жасоо** – баңги каражаттарынын, акыл-эске таасир берүүчү заттардын же алардын прекурсорлорунун негизинде пайдаланууга жана керектөөгө даяр баңги каражаттарынын, ПАЗдын же алардын дарылык каражаттарын камтуучулардын формалары алынган иш-аракеттер.

**Инъекция** – аралашмаларды организмге шприцтин жана ичи бош ийненин жардамы менен киргизүү ыкмасы.

**Интоксикация** – ПАЗды денеге киргизгенден кийин аң-сезимдин деңгээлинин, когнитивдик функциясынын, кабыл алуунун, ой жүгүртүүнүн, эмоциялык реакциянын, жүрүш-турушунун жана башка психофизиологиялык функциялардын жана реакциялардын бузулушуна алып келүүчү абал.

**Катуу интоксикация** – клиникалык мааниси (F11.0) болгон интоксикацияны белгилөө үчүн МКБ-10до пайдаланылган атоо. Заттардын өзүнө жана аны денеге киргизүү ыкмасына жараша жаракаттар, кусунду массасы менен дем алуу, делирий, кома жана тарамыш тартылуу оорунун өрчүп кетишинин себеби болушу мүмкүн.

**Каннабис (кара куурай)** - Cannabis түрүндөгү бардык өсүмдүктөр.

**Криминогендик кырдаал** – кылмыштуу жосундардын жайылышы менен мүнөздөлгөн, кылмышты пайда кылган, кылмыштуулуктун күчөшүнө түрткү болгон жагдай.

**Криминалдык баңги бизнеси** – баңги заттарды мыйзамсыз жүгүртүү.

**Өстүрүү** – апийим өсүмдүгүн жана кара куурайды, башка баңги заттарды камтыган өсүмдүктөрдү себүү жана өстүрүү.

**Апийим өсүмдөгү (лат. Papaver somniferum)** – апийим түркүмүндөгү (Papaveraceae) бир жылдык чөп өсүмдүгү.

**Марихуана (MARIHUANA)** – «каннабис» түрүндөгү бардык өсүмдүктөрдүн сабактан тышкары (кургатылган же кургатылбаган), майдаланган же майдаланбаган (буга үрөн кирбейт) баштары жана жалбырактары. Негизги активдүү ингредиент болуп дельта-9-тетрагидроканнабинол саналат.

**Баңги каражаттарга жана акыл-эске таасир берүүчү заттарга эл аралык квота** – Баңги каражаттар жөнүндө 1961-жылдагы бирдиктүү конвенцияга жана Акыл-эске таасир берүүчү заттар жөнүндө 1971-жылдагы конвенцияга катышкан өлкөлөр үчүн БУУнун Баңги заттарга контролдук кылуу боюнча эл аралык комитети тарабынан бул өлкөлөрдүн өкмөттөрү берген аларга болгон муктаждыкты эсептөөнүн негизинде жыл сайын бекитилүүчү баңги каражаттардын, акыл-эске таасир берүүчү заттардын жана прекурсорлордун лимити.

**Морфин** – апийимдин башкы алкалоиддеринин бири, ал уйку келтирүүчү Papaver somniferum апийиминде камтылат.

**Баңгилик** – баңги каражаттарды ашкере керектөөнүн айынан өнөкөт интоксикациядан келип чыккан, аларга психикалык же физикалык көз карандылыгы менен мүнөздөлгөн оорулуу психикалык абал.

**Наркологиялык жардам** – психикалык абалды текшерүүнү, психикалык бузууларды, анын ичинде көз карандылыкты диагностикалоону, психикалык бузуулардын жана көз карандылыктын күчөшүн дарылоону жана профилактикалоону, жарандарды медициналык-социалдык жактан адаптациялоону жана рабилитациялоону камтыган адистештирилген атайын медициналык жардамдын түрү.

**Наркологиялык кызмат көрсөтүү** - амбулаторияда  жана ооруканада көрсөтүлүүчү кызмат. Аларга медициналык манипуляция, медициналык текшерүү, медициналык күбөлөндүрүү, сот-наркологиялык экспертиза,  консультация берүү, маалымдоо кирет.

**Наркологиялык мекеме** – саламаттык сактоо уюму же анын түзүмдүк обочолонгон бөлүнүшү, наркологиялык жардам жана кызмат көрсөтүү негизги функциясы болуп эсептелген.

**Наркологиялык эсепке алуу** – ПАЗды колдонуунун натыйжасында  психикалык жана жүрүш-туруш бузулууларынын белгиленген бир түрү  менен ооруган адамдарды «ПАЗды колдонууга байланыштуу, психикалык  жана жүрүм-турум бузулууларына туш болгон бейтаптарды каттоо» картотекасынын бөлүмүндө каттоо.

**Наркологиялык каттоо** – республиканын калкынын  наркологиялык уюмдун кызмат көрсөтүүлөрү үчүн кайрылган бардык учурларды каттоо.

**Баңги кырдаал** – белгиленген бир аймакта айкын мезгилдин ичинде баңги заттарга контролдук кылуу тутумунун абалынын мүнөздөмөсү.

**Баңги каражаттар** – синтетикалык же табигый тектүү заттар, алардын препараттары, ошондой эле тиешелүү эл аралык конвенцияларда ушул сыяктуу классификацияланган өсүмдүктөр, ага тете өзүнүн таасиринен же ашкере колдонуудан улам Кыргыз Республикасында контролдонууга тийиш болгон баңги каражаттардын, акыл-эске таасир берүүчү заттардын жана прекурсорлордун улуттук тизмелерине киргизилген башка заттар жана өсүмдүктөр.

**Баңги заттарды керектөөчү** – баңги каражаттарды же акыл-эске таасир берүүчү заттарды керектеген адам.

**Баңги саясаты** – баңги каражаттарды, акыл-эске таасир берүүчү заттарды жана прекурсорлорду жүгүртүүгө контролдук кылуу чөйрөсүндөгү Кыргыз Республикасынын мамлекеттик саясаты.

**Баңги транзити** – баңги заттардын транзити.

**Каннабис тобундагы баңги заттар** – гашиш жана марихуана.

**Баңги трафиги** – («баңги заттар» жана англ. Traffic - «кыймыл», «унаа», «соода» сөздөрүнүн айкашы) - баңги заттарды бир жерден экинчи жерге которуштуруу, ташуу, сатуу.

**Баңгиликке тартуу** – тар мааниде - баңгиликтен мас абалга келтирүү, кеңири мааниде – калк арасында баңгиликтин өнүгүшү.

**Баңги коркунучу** – баңги заттарды мыйзамсыз жүгүртүүнүн жана аларды мыйзамсыз керектөөнүн мамлекеттик жана коомдук институттарга башталган же мүмкүн болгон жагымсыз таасири.

**Налоксон** – опиоиддик рецепторлордун антагонисти, апийим тобундагы баңги заттар менен ууланган учурда антидот катарында дары-дармек каражаты катары колдонулат.

**Баңги каражаттарды же акыл-эске таасир берүүчү заттарды мыйзамсыз керектөө** – баңги каражаттарды же акыл-эске таасир берүүчү заттарды дарыгер дайындабастан керектөө.

**Баңги каражаттарды, акыл-эске таасир берүүчү заттарды жана прекурсорлорду мыйзамсыз жүгүртүү** – баңги каражаттарды, акыл-эске таасир берүүчү заттарды жана прекурсорлорду жүгүртүү чөйрөсүндө Кыргыз Республикасынын мыйзамдарын бузуу менен жасалган иштин түрлөрү.

**Апийим (латынчадан opium)** – апийим өсүмдүгүнүн быша элек чанагынан тилип алынган, кургатылган сүт ширесинен жасалган баңги каражаты (лат. Papaver somniferum).

**Опиоиддер** – көбүнесе борбордук нерв тутумунда жана ичеги-карында жайгашкан организмдин опиоиддик рецепторлору менен байланышууга жөндөмдүү заттар. Морфин менен түзүмдөрү окшоштугу бар опиоиддер ошондой эле опиаттар деп аталат.

**Опиоиддик рецепторлор (опиаттык рецепторлор)** – G белогу менен коштолгон рецепторлорго тиешелүү нерв тутумунун рецепторлорунун түрлөрү. Алардын организмдеги негизги функциясы – ооруну сезүүнү жөнгө салуу. Алар эндогендик (организмде иштелип чыгуучу), ошондой эле экзогендик (сырттан келүүчү) опиоиддик химиялык кошундулар менен байланышат.

**Уюшкан кылмыштуулук** – уюшкан кылмыштуу топтор, кылмыштуу коомдоштуктар (кылмыштуу уюмдар), куралдуу топтор (бандалар) жүзөгө ашырган жана жазык мыйзамдарында аныкталган белгилери менен мүнөздөлгөн аракеттер.

**Психикалык активдүү заттар (ПАЗ)** – баш мээге, анын нормалдуу иштешин өзгөртүү (көңүл бурууну, аң-сезимин, эсин, эмоцияларын, жүрүш-турушун жана башка функцияларын) менен түздөн-түз таасир берүү сапатына ээ болгон бардык табигый же синтетикалык заттар. ПАЗга баңги, акыл-эске таасир берүүчү каражаттар, алкоголь, тамеки жана башка көрсөтүлгөн сапаттары бар заттар кирет.

**Баңги заттарды пайдалануунун кесепеттери** физикалык, психологиялык жана социалдык бузууларга бөлүнөт. Опиоиддерди пайдалануунун физикалык кесепетине (негизинен кан тамырдын ичине киргизүүнүн натыйжасында) гепатит В, гепатит С, ВИЧ, сепсис, эндокардит (жүрөктүн ички кабыгынын сезгенүүсү), пневмония жана өпкөнүн ириңдеши, тромбофлебит (кан тамырлардын сезгенүүсүнө алып келген кандын уюлушу) жана сөөк булчуңдарынын катуу некрозу тийиштүү болот.

**Опиоддердин дозасын ашырып жиберүү (Opioid overdose)** – опиоддерди соматикалык колдонуу жана психикалык оор терс кесепеттерге алып келген санда колдонуу. Дозаны ашыруу кыска мөөнөткө же узакка созулган кесепеттерге же өлүмгө алып келиши мүмкүн.

**Опиод агонисттери менен кубаттандыруучу терапия (Agonistmaintenance therapy, opioid)** – бейтапта кайчылаш көз карандылык жана кайчылаш толеранттуулук болгон баңги каражаттарынан көз карандылыктын орун алмаштырган баңги каражаттарын даярдоо аркылуу дарылоо.

**Ташуу** – баңги каражаттарды, акыл-эске таасир берүүчү заттарды же прекурсорлорду Кыргыз Республикасынын чектеринде бир жерден башка жерге ордун которуштуруу.

**Прекурсорлор** – Кыргыз Республикасында контролдонууга тийиш болгон баңги каражаттарды жана акыл-эске таасир берүүчү заттарды жасоо үчүн колдонулган, химиялык материалдар катары эл аралык конвенцияларда классификацияланган заттар жана алардын туздары, ошондой эле ушул эле максатта пайдаланылган химиялык заттар жана алардын туздары.

**Препарат** – контролдоо чаралары белгиленген бир же бир нече баңги каражаттарды же акыл-эске таасир берүүчү заттарды камтыган каалаган физикалык абалдагы заттардын аралашмасы.

**Баңги каражаттарды, акыл-эске таасир берүүчү заттарды өндүрүү** – химиялык заттардан жана (же) өсүмдүктөрдөн баңги каражаттарды же акыл-эске таасир берүүчү заттарды сериялык түрдө алууга багытталган аракеттер.

**Акыл-эске таасир берүүчү заттар** – синтетикалык же табигый тектүү заттар, ошондой эле тиешелүү эл аралык конвенцияларда ушундай катары классификацияланган алардын препараттары, ага тете өзүнүн таасиринен же ашкере колдонуудан улам Кыргыз Республикасында контролдонууга тийиш болгон баңги каражаттардын, акыл-эске таасир берүүчү заттардын жана прекурсорлордун улуттук тизмелерине киргизилген башка заттар же каалагандай жаратылыш материалдары.

**Бейтаптар** – наркологиялык бузулуудан жабыркаган учурда медициналык наркологиялык жардам көрсөтүлгөн адам.

**Пенитенциардык (жазык-аткаруу) тутум** – мыйзамга ылайык жарандарга берилген кылмыш жазасын аткаруу ишин жүргүзгөн мамлекеттик институт. Эркиндигинен ажыратуу менен байланышкан, ошондой эле байланышпаган жазаларды аткарууну, ошондой эле камакка отургузулган учурдан тартып сотко чейин (камакка отургузуу түрүндө процессуалдык бөгөт коюу чараларын өзгөрткөнгө чейин) тергөөдөгүлөрдү кармап турууну камсыз кылат.

**Баңги каражаттарды колдонуучуларды реабилитациялоо** – баңги көз карандылыктан арылтуу процесси жана мурдагы жөндөмдөрүн калыбына келтирүү.

**Ресоциалдаштыруу** – индивиддин жүрүм-турумун, максаттарын, ченемдерин жана баалуулуктарын өзгөртүү аркылуу жүзөгө ашырылуучу кайталап социалдаштыруу. Баңги заттарга көз каранды адамдарга карата – коомго кайра кайтаруу.

**Реинтеграциялоо** – мурда ажырап, бөлүнүп кеткен бир нерселерди жаңы принциптерде, негиздерде бириктирүү. Баңги заттарга көз каранды адамдар үчүн – дарылангандан кийин үй-бүлөгө, мурдагы эмгектик (интеллектуалдык) ишке кайра кайтаруу.

**Рецидив** – бир нерсенин (демейде терс нерсенин) кайталап болушу. Баңги заттарга көз каранды адамдар үчүн – ремиссиядан кийин баңги каражаттарды же акыл-эске таасир берүүчү заттарды кайталап колдонуу.

**Ремиссия** – өнөкөт оорунун өтүшүнүн мезгили, ал кыйла солгундоодон (толук эмес ремиссия) же анын симптомдорунун (оорунун белгилери) жок болушунан (толук ремиссия) көрүнөт.

**Жокко чыгаруу синдрому (Withdrawal syndrome)** – узак мөөнөттүн ичинде же чоң дозаларда (МКБ-10, код P1x.3) көп жолу колдонулган психикалык активдүү заттарды пайдаланууну толук токтотуу же азайтуу учурунда пайда болгон айкалышы жана оордугу боюнча вериабелдүү симптомдорунун тобу. Жокко чыгаруу синдрому физиологиялык бузулуулардын белгилери менен коштолушу мүмкүн.

**Зыянды азайтуу (Harm reduction)** ПАЗды колдонуунун натыйжасындагы зыянды азайтууга түздөн түз багытталган стратегиялар же программалар. Бул атоо көбүнчө, зыяндын келип чыгуусун алгачкы себеби болгон, ПАЗды колдонуунун көнүп калуусун милдеттүү түрдө өзгөртпөстөн, зыянды азайтууга багытталган стратегияларды же программаларды белгилөө үчүн пайдаланат.

**Бирге көз каранды адамдар** – баңги заттарга көз каранды адамдардын эң жакын чөйрөсү (туугандар, жакындар, достор).

**Бейтаптарды социалдык коштоо** – турмуштун оорчулуктарын жеңүү, социалдык статусун сактоо жана жогорулатуу максатында наркологиялык жардам сурап кайрылган адамдарды социалдык камкордукка алууга, жардамды жана колдоочулукту жүзөгө ашырууга багытталган иш.

# КЫСКАРТУУЛАРДЫН ТИЗМЕСИ

| | |
|---|---|
| **АЙДЕК** | (англисчеден IDEC – International Drug Enforcement Conference) Баңги заттарга каршы күрөшүү боюнча эл аралык конференция |
| **УКККБ** | Уюшкан кылмыштуулукка жана кылмыштын башка коркунучтуу түрлөрүнө каршы күрөштү координациялоо боюнча бюро |
| **АИВ** | Адамдын иммуну кем вирусу |
| **ДСУ** | Дүйнөлүк саламаттык сактоо уюму |
| **ЖАМК** | Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Жазаларды аткаруу мамлекеттик кызматы |
| **БККК** | Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Баңги заттарды контролдоо боюнча кызматы |
| **ЖКМГФ** | АИВ/ЖИКСге, кургак учукка жана малярияга каршы күрөшүү боюнча глобалдык фонд |
| **Интерпол** | Жазык полициясынын эл аралык уюму |
| **БКК** | БУУнун Баңги каражаттар боюнча комиссиясы |
| **БКОКК** | Баңги заттарды мыйзамсыз жүгүртүүгө каршы аракеттенүү боюнча компетенттүү органдардын координациялык кеңеши |
| **АЖА** | АИВ менен жашаган адамдар |
| **БКЭК** | Баңги заттарга контролдук кылуу боюнча эл аралык комитет |
| **ЖККУ** | Жамааттык коопсуздук жөнүндө келишим уюму |
| **ОАТ** | Опиоидди алмаштыруучу терапия |
| **БУУ** | Бириккен Улуттар Уюму |
| **ПАЗ** | Психикалык активдүү заттар |
| **ИБК** | Инъекциялык баңги заттарды керектөөчүлөр |
| **ШАП** | Шприцтерди алмаштыруу пункту |
| **БУУ ӨП** | БУУнун өнүктүрүү программасы |
| **РНБ** | Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигинин Республикалык наркология борбору |
| **КМШ** | Көз карандысыз Мамлекеттердин Шериктештиги |
